Кырг
Ш5(2=Ки)
Т 86

ТУРДУКОЖОЕВ Турдумамет

# Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН СТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН МҮНӨЗДӨГӨН КӨРКӨМ СӨЗ КАРАЖАТТАРЫ

Ош – 2000

АРХ

ТУРДУКОЖОЕВ Турдумамет

# Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН СТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН МҮНӨЗДӨГӨН КӨРКӨМ СӨЗ КАРАЖАТТАРЫ

Ош – 2000

ББК 83.3 Ки
Т–87

**Адис редактор:** филология илимдеринин доктору, профессор Б.Усубалиев

**Рецензиялагандар:** филология илимдеринин кандидаты, Д.Туратов

филология илимдеринин кандидаты, профессор И.Абдувалиев.

Турдукожоев Т.
Т–87. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн көркөм сөз каражаттары - Ош.: 2000. 28- б.
ISBN 9967–415–26–6

Эмгекте стилистиканын айрым теориялык маселери. Көркөм чыгарманын тили кеңири иликтөөгө алынат. Орто жана жогорку окуу жайларынын студенттерине арналат.

621
НАЦИОНАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА 2001 Кыргызской Республики

Т 4603020000–2000 ББК 83.3 Ки
ISBN 9967–415–26–6 © Турдукожоев Т., 2000

Көркөм образдардын жан дүйнөсү – көркөм сөз каражаттарында...

Жазуучу өз чыгармаларындагы окуялар системасын, аларга аралашып жүргөн каармандардын ой-дүйнөсүн бберүүдө троптордун түрлөрүн кеңири да, орундуу да, ыктуу да пайдаланууга аракет кылары белгилүү. Сүрөткер катары өз чыгармасында айтайын дегенин, сүрөттөлөкчү болгондорун көркөм сөз каражаттарындагы маанилер, алар алып жүргөн көркөм. Сөздөргө автор сүрткөн боектор аркылуу ишке ашары айдан ачык эмеспи.

Залкар сүрөткер катары Ч.Айтматов да өзүнүн повесттеринде метафора, метонимия, эпитет, жандандыруу сыяктуу образдуу көркөм сөз каражаттарын кыябын таап пайдаланганды белгилей алабыз. Бирок алардын ар биринин колдонулуш максаты бар, ар биринин чыгармадагы көтөргөн жүгү да өзүнчө. Албетте, алар жазуучулук "лабораториядан" сыналып, андан соң чыгарманын алкагына өтүп, стилдик маанилерди – стилдик жүктөрдү көтөрүп, каармандардын жүрүм-турумун, ички дүйнөсүн чагылдырууда ж.б.да кызмат кыла, окурмандардын сезимдерине таасир эте алган.

Биз бул чакан эмгегибизде эпитеттер жайынан сөз кылмакчыбыз.

## Эпитет же боо сөздөр, алардын көркөмдүк кызматы.

Көркөм троптордун ичинен маанилик көркөм түс-боектуулугу жагынан артыкчылыгы бар, заттын, заттык маанидеги сөздөрдүн ички, сырткы боо маанилерин тундырган (маанилик боектуу кийим кийгизген, түрлөнткөн) сөздөрдү эпитет же боо сөз катары санайбыз.

Тээ илгертеден бери эле мейли жаман, мейли жакшы нерселер, тирүү жан-жаныбарлар, адамдардын да оң-терс, ойдо-ылдый, ыктуу-ыксыз, ак-кара жактарына боо берилип келген. Элибизде: "боо берилди", "ыкты боо бериптир", "эрдиги бааланды" ж.б.сөздөр айтылып эле келе жатат. Боо сөзүү тушмдары эркыдуу өтүп келип сөздөр менен жеткирилет. Мисалы, "өзүндөй калкайган жээрде"(Г.Б-м.510-б.). Мында Дүйшөндүн карышына берилген боо да, жээрде атка берилген боо да жерүү эркыдуу өтүп, ал "калкай-

гая" деген баа сөзү менен тастыкталып жатат.Ошол үчүн баа сөздөрү-эпитет баалоочу оттенокторго-маанилик боекторго ээ. Андай болбосо,Манас баатырыбызга кылым кезген жөөкөргүс баа-лар мирелишмек эмес?"...Баатырдык эпостордун стилиндеги жырт-кыч айбандар...менен кыраан куштардын...аттарына байланыштуу эпитеттор болсун,жалпы эле,эпикалык каармандардын жеке мүнөз-дөрүнө жана кыймыл-аракеттерине гана таандык маани берет",[1]-деп,эпитет-баа сөздөрдү жалаң эле кыймыл-аракетке байлап к койгон ой да чыкпак эмес.Тигил же бул кыймыл-аракетке эле эпитет-баа сөздөрдү чектөө да дээрлик туура болбосо керек...

Изилдөөчү адабиятчы Ж.Шериев:"Эпитет - бул же тигил сү-реттелүп жаткан көрүнүштүн,адам мүнөзүнүн башкы белгисин же мүнөздүн өзгөчө касиетин белүп көрсөтөт да,чыгармага эмоцио-налдык,көркөмдүк кудурет берет.Мисалы,Мергенчи Жусуп бүгүн "Ак-Таш" жайлоосунун этегинен эки кемакды көрүптүр.Мында "мергенчи" деген сөз эпитеттик касиетке ээ болуп,Жусуптун башкы сапатын ачып көрсөтүп жатат.Узун бут чаргын,почточу Дүйшөн,кебылан Манас ж.б.ларда да эпитетер бар"-дейт.[2]

Ал эми "Манас" эпосунун стили боюнча изилдөөчү К.Кырбашев: "Эпитет окуянын сүреттелүшүнө жараша образдын сапаттык ка-сиеттерин ачы...өрүүдө кеңири колдонулуучу поэтикалык ка-ракат",[3]-дегенкоюн айткан,Мындай ойду Т.Ашырбаев да белгилейт.[4]

Эпитеттин касиетине академик Б.О.Орузбаева да токтолгон.[5] "Түшүндүрмө сөздүктө да эпитеттин белгилерине поэтикалык каракат катары өзүнчө берилет.[6] Бул тууралуу КСЭде да :

1.Мамытбеков З.,Абдылдаев Э."Манас" эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери.-Фрунзе.1966.207-б.

2.Шериев Ж.Аталган эмгекте.58-б.

3.Кырбашев К. Аталган эмгекте.90-б.

4.Ашырбаев Т.Аталган а/рефератта.

5.Орузбаева Б.О. Аталган сөздүктө.310-б.

6.Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.-Фрунзе.1969.765-б.

"Эпитет – сүрөттөлүп жаткан нерсенин мүнөздүү касиетин басa белгилеп ага көркөм элес,поэтикалык айкындык берүүгө аныктооч сөз...[1]"катары белгилеген.

Ошентип,жогорудагы пикирлерден улам эпитет-баа сөздөрдүн төмөнкүдөй белгилери бар деген ойго келебиз:

-заттардын жана заттык маанидегилердин ички жана сырткы мүнөздүү белгилерин,касиет-сапаттарын билдирет;

-поэтикалык айкындык берүүчү көркөм каражат катары кызмат кылат;

-мүнөздүү белгилерди,касиет-сапаттарды туюндуруучу өзгөчө маанилик боекторго ээ;

-көркөм түр,элес берүүчү эмоционалдык – эстетикалык маанилүү көркөм сөз каражаты;

– контекстте тигил бул зат,нерсени айкын келип,анын поэтикалык ажарын ачуу үчүн колдонулуучу троптун бир түрү. Эпитет-баа сөздөр көркөм сөз каражаты катары байыркы жомоктордон тартып,азыркы күндөгү көркөм чыгармалардын бардык түрүндө,жанрларында кеңири колдонулуп келе жатат.Өз чыгармаларын эпитет сөздөрү жок жараткан сүрөткерлер жок болсо керек. Алардын пайдаланылышы менен көркөм чыгармалардагы сүрөттөлүп жаткан жандуу да,жансыз да нерселер образдуулукка жетишип,ажары ачыла,мыкты сапаттары же жактары,начар сапаттары же терс жактары көзгө даана,көңүлгө теп элестетилет.Натыйжада эпитеттер туюнткан ар түрдүү белгилер,касиет,сапаттар,жактар нерселердин аталышы менен айкаша келип,анын эмоционалдуулугун да,эстетикалык таасирдүүлүгүн да,маанилик-поэтикалык тереңдигин да күчөтө алат.

Бекеринен эпитет-баа сөздөрдүн ажары нерселерди,кубулуш-

---

1. КСЭ. 6-т.1980.587-б.

терды,керунуштерду туюнткан сөздөр менен маанилик нюанстары жа
жагынан төп келише бирелишкенде гана өчылары белгиленбейт.Сү-
рөткер катары жазуучу эпитет-баа сөздөрду чыгармаларында тө-
мөнкүдөй тематикалык багыттарда пайдаланган:

I.Каармандардын портреттик штрихтерин берүүдө;

2.Мүнөздүк белгилерин сүрөттөөдө;

3.Каармандардын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү,кыял ко-
рунктарын,сезимдерин сыпаттоодо;

4.Каармандардын ички - сырткы абалдарын сүрөттөдө;

5.Жаратылышты,ага тиешелүү керунуштерду образдуу сүрөт-
төөдө;

6.Заттарды(кийим-кече,буюм-тайым ж.б.),нерселерди,түшү-
нүктөрдү,аларга тиешелүү белгилерди чагылдырууда.

<u>I.Каармандардын портреттик штрихтерин берүүдө.</u>

<u>Жамийла</u> : ...шыңга бойлуураак,белдүү келин-Г.Ж.454-б.;кым-
кый кара сүйрүрөөк көзү -454-б;ийилген кашы -456-б.;куушу-
рулган кашы -456-б. ж.б.

<u>Данияр</u> : ...тартайган москоол бою -Г.Ж.486-б.;ыкыйтый баскан,
узун бойлуу,мойну куркуйган - 46I-б.;бүгүлбөгөн буту-46I-б.
Кампачы:..көздөрү кызыл эт болуп кептелеген -466-б. ж.б.

Ал эми,<u>Мырзакул</u> :...чолок колу-Г.Б-б.434-б.;коржогой мой-
ну -423-б.;тебетейин кырданта кийген,кара мурут,күлмүңдөгөн
сулууча жигит-42I-б.;кашын куушура тиктеген көзү-433-б.

<u>Сейде</u> :...чачы ак боз ала ала -444-б.;жылкычы:буурул сакал
уркуйган беттүү-475-б.;<u>кемпир:</u> кызыл жаак өңү өчкөн көздө-
рү-4II-б.;<u>Исмайыл</u> :...капкара түнөргөн Исмайыл-447-б.; ж.б.

<u>Дүйшөн</u> :...бою каркайган,бүркүт кабак,салабаттуу адам-5I0-б.
сакалы буурул ала карапайым киши,кашаң атын чүчүлөгөн кебе-
теси-5I0-б.;<u>Алтынай:</u> ...сексейген сарғыл кыз-534-б.;чачына

ек кирип,толмоч тартып,элүүлерге таяп келген киши -511-б.;
Алтынайдын күндөшү:какчыйган жыгачтай болгон дудук кебетеленген үңүрөйгөн кара катын -540-б. ж.б лар автордук штрихтердин сүрөткерлик боектору болуп саналат.

2.Мүнөздүк белгилерди берүүдө.

Хамийлага тиешелүү: тыкчыңдаган келин-Г.Ж.453-б.,тамашакөй, шайыр мүнөз келин-481-б.,Данийарга тиешелүү: суутайган неме-475-б.,чапчаң жүрүш-турушу-461-б.,унчукпас,басмырт-463-б., бир сырдуу,токтоо мүнөз-474-б.; Байдалы: эрилдеген шыр мүнөз- Г.Б-б.420-б.; бокурган Сайкал,жолдурган киши -Г.Б-м. 517-б. ж.б.лар каармандардагы мүнөздүк белгилерди,алардын каармандарга таандыктыгын тастыктап турат.Бул белгилер каармандардын бири-биринен болгон айырмасын,өзгөчөлүгүн айкындап көрсөтөт.

3.Каармандардын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү,кыял-жоруктарын,сезимдерин сыпаттоодо.

Бул жерде сыпаттоонун өзү да ар түрдүү багытта экендигин белгилегибиз келет: Алсак, дирилдеген шык алакан (Жамийла), дирилдеген эриндери (Сейде),өрттөнгөндөй шык эриндери(Шамайыл),мөлтүр көз караш(Төтойдун баласы),балбылдаган карек (Мырзакул),жапан тиктеген көз(Шамайыл),кайраттуу мыкты келин(Жамийла);жөлмогуздай күлмүңдөгөн(Алтынайдын жеңеси),жүйдүргү сүйлөгөн(Сатымкул карыяк) ж.б.лар.

4.Каармандардын ички-сырткы абалдарын чагылдырууда.

Данийардагы абал: тентиген мусапыр,үй-жайы жок мусапыр,тентиген ит чала казак аркылуу;Жамийладагы абал: шагы сынган Жамийла,боору эзилип күлгөн Жамийла,обонго жаны балкыган Жамийла,бой салып жыгылып отурган Жамийла аркылуу;Сейденин аба-

ды: өсин кыйган Сейде,кезү илине түшкен Сейде,кезүне жаш толгон Сейде,эрдин кесе тиштенген Сейде ж.б эркындуу;чала уккан кулак (Сейденин кайненеси),үч айлык эчтеке түшүкө элек бала (Сейденин көрүпгесi);өмүрү кезү ачылбаган шордуу(Алтынай), кыртышы сүйбөгөн(Алтынайдын женеси),ж.б.лар эркындуу берилип, образдуу жана эмоционалдык таасирдүүлүккө ээ.

5.Жаратылышты,ага тиешелүү көрүнүштөрдү образдуу сүреттөөдө. Мындай эпитет-баа сөздөрдөгү сүрөткердин боектору мындайча сүрттөлгөн:булуттар: үлбүрөгөн ак боз булуттар,ыткыйган кочкул булуттар,капкара түкт булуттар,күрпөң булуттар ж.б.;талаа:кең талаа,алп талаа,чаалыккан талаа,эртеңген талаа,томсорогон талаа ж.б.;туман: ыргылжың туман,ак боз киргилт туман ж.б.;кокту: зээн жаткан жыгын арасы чийлүү кокту,туман чалган,адырлуу,бексөлүү кокту ж.б;терек: чайпалган алп теректер,келишкен зор теректер,шыңгырлаган эки терек, чайпалышкан кош терек,бетенче үндүү,тил бүткөндөй жандуу теректер ж.б.;кайнаган чел, кайнаган чаң,күпүлдөгөн суу, чыырган чилде,сайсеектен өтүп,тебеге чайын какпаткан муздак ж.б.лар.

6.Заттарды(кийим-кече,буюм-тайым ж.б.),персонаждардын,түшүнүктөрдү,аларга тиешелүү белгилерди сүреттөөдө.

Ансак: аппак куулган жүн жоолук,бээрге кийчү кызыл ала гүлдүү көйнөк,кыпыр жең,кат сактоочу тулуп,үч бурчтук кат,кырсыктуу карала кеп,тырмалган тек,кылдуу сөз,өкүнүчтүү армак, тартабаган чер,мээр басылган катаа ж.б.лар эркындуу берилген.

Жогорудагы айтылып өткөн эпитет-баа сөздөрдүн чыгармаларда өз орду жана колдонулуш максаты бар.Көркөм каражат катары автордук баяндарда,каармандардын кебинде ыктуу пайдаланылган.

Алар эркылуу каармандардын тигил же бул мүнөздүү белгилери, сапаттары, даана байкалган.Жазуучу каармандарга таандык мүнөз белгилерин берүү менен бирге алардын психикалык түрдүү абалдарын,ага ылайык келген жаратылыш көрүнүштөрүн бири-бирине айкалыштыра жана шайкештире сүрөттөгөндүгүн белгилөөгө туура келет.Кайсы гана эпитет-баа сөздөрдү албайлы башка көркөм каражаттар менен шартталышып турат.Образдык бүтүндүгү,анын окурманга жеткиликтүүлүгүн камсыз кыла алган каражаттардан деп айта алабыз.

Жазуучу колдонгон эпитет-баа сөздөрдү төмөнкүчө түрдө типтерге бөлүп карадык:-бир сөздөн турган эпитет-баа сөздөр;

- татаал сөз түрүндөгү эпитет-баа сөздөр;
-сөз айкашы;идиома-фразеологизм түбүндөгү эпитет-баа сөздөр.

I. "Жамийла" повестиндеги эпитет сөздөр:

а)Бир сөздөн турган эпитет-баа сөздөр.

Мындай типтеги эпитет-баа сөздөр кадимки аныктооч сөздөрдөн айырмаланып,образдуулукка ээ болуп,көркөм боектуу оттеногу менен өзгөчөлөнүп турат.Ошол оттеногун сактоо менен туруктуу түрдө бир нече кайталанышка ээ.Алардын жалпы саны-35. Колдонулушу төмөндөгүчө:

-Э,ботм,бул кандай тыкчыйдаган келин эле(Г.Ж.453-б.). Мында жактырбоо оттеногу камтылган эпитет"тыкчыйдаган"-коңшу келиндер берген баа.

Жумушка кайраттуу,мыкты келинчек(Г.Ж.450-б.).Бул контексте ыраазы болуу,суктануу оттеногуна ээ эпитеттер-кайраттуу, мыкты.

...ичке шыңгыраган үн менен көңүлдөнүп ырдады(Г.Ж.475-б). Шыңгыраган эпитети үнүнүн белгисин аныктап турат.

Анда жанагы бүгүлбөгөн бутунун жараты жаңы айыга элек(Г.Ж. 461-б.).Мындагы "бүгүлбөгөн" эпитети Даниярдын жарадар бу-

тунук белгисин дээнэ элестетип турат:

Ой,сустайган неме...(Г.Ж.475-б.).Мында Даниярдын сүйлөбөс, унчукпас,тамашадаса жооп бербестигинен улам Жамийла"сустайган"эпитетин колдонду:

...анын ошол унчукпас,басмырт мүнөзүндө кандайдыр терең маани бардай...(Г.Ж.463-б.).Мындагы унчукпас,басмырт эпитети Даниярдын мүнөзүнө тиешелүү болгону менен автордук баа деп санаого болот:-Ай,уялчаак киши курусун...(Г.Ж.476-б.).Бул контексттеги "уялчаак" эпитети Сейиттин байкоосу аркылуу айтылганы менен,анын кыжаалатчылыгын пайда кылып жатат.

Даниярдын башка,бөтөн элдерде,жерлерде болгондугун "тентиген" эпитети,мүнөздөсө, анын жакында жок ырчылыгын "шаңшыган" эпитети таамай берип жатат.Алсак: Акмак да,болбосо ким эле өзүнүн ырысын тебелеп,тентиген мусапыр менен зарчып кетемин! (Г.Ж.502-б.).Бери болчу,көзүңдү көрсөтчү!О,шаңшыган бүркүтүм! (Г.Ж.498-б.). Мындайча Даниярдын обонуна карата колдонулган таасын элестүү эпитеттер мына булар: төктүрмө обон(Г.Ж.477-б.) тел обондору,кереметтүү обондор(477-б.),жалындуу обондор(481-б) шаңшыган обон(504-б.);бул сыяктуу таамай элестүү эпитеттерге төмөнкүлөрдү да келтире алабыз: чалыккан талаа(480-б.),үңүлгөн аскалар(474-б.),тунжураган сурдуу тынчтык(504-б.),өкмөт жигиттер(463-б.),күрөлдөгөн урген(452-б.),тентиген арам(451-б), чечек балдар(463-б.),кырсыктуу караза кап(473-б.) ж.б.лар.

б) Татаал сөз түрүндөгү эпитеттер.

Мындай типтеги эпитеттер да өздөрүнүн образдуулугун байкатып, көркөм боектору менен колдонулгандыгын көрөбүз. Алсак, Андан калса жанагы жаңы туулган Даниярды кошуп берейин... (Г.Ж.451-б.).Бел байлар жигит: мындагы бел байлар эпитети Сейитке берилген баа да,ага болгон мактоо да болуп турат:

Биздин туугап серей Осмон тийиш бергендиктен...(Г.Ж.455-б.). Бул контексттеги"тууган серей" эпитети Осмонго берилген баа болгону менен ага болгон жек көрүү оттенокгун сактай алган.

Сол бутунан сылтый баскан,узун бойлуу,мойну куркуйген биреөнү бригадир Орозмат эәрчитип келди(Г.Ж.461-б.).Мындагы "сылтый баскан,узун бойлуу,мойну куркуйган" эпитеттери Данияр-дын келбетин,сырт түзүлүшүндөгү белгилерди даана чагылдыруу менен бирге,аны жактырбоо оттенокгун камтып турат.

...кудай билет,Жамийладан жек көргөн,андан түрү суук адам мен үчүн болбойт эле(Г.Ж.489-б.).Бул жердеги "түрү суук" эпитети Сейиттин баасы болуу менен бирге,анын көңүлү Даниярды ойлбой калса,ички дүйнөсүнөн жек көрөрүн,түрү суук адам са-ларын ачык билинтип туре алды.

...жеткен эле жерден тентиген ит чала казакты жыга чап-пасам...(Г.Ж.501-б.). Тентиген ит -Даниярга берген Осмондун баасы,анын жек көрүү,маазалануу оттенокгун камтыган эпитет.

Алтын баштуу катындан,бака баштуу эр артык...(Г.Ж.503-б.). Мындагы "алтын баштуу","бака баштуу" эпитеттери бири аялга (Жамийлага),экинчиси эркекке(Даниярга) тиешелүү айтылып,Садыктын көңүлүн кубатуу,Жамийладан артык көрүктүү боегун камтып турат.

Ошентип,жогорудагы татаал сөз түрүндөгү эпитеттер каармандарды таамай элестүү мүнөздөөчү белгилерди камтый алышты.

Булар сыяктуу татаал сөз түрүндөгү эпитеттер заттарга,нерселерге тиешелүү мүнөздүү белгилерди да чагылдырууда төмөнкүчө пайдаланылганкөппек жуулган жун жоолук(Г.Ж.500-б.), жаңы үйрөнгүч штрихтер(Г.Ж.492-б.),күнгө күйгөн кара күрөң чач(Г.Ж.469-б.),күүгүм кумшак жарык(Г.Ж.459-б.),кездеп дал-да,алысыраак ойдуң(Г.Ж.459-б.),атыр жыттуу,салкын аба(Г.Ж.

437-б.),үч көз дубал(Г.Х.449-б.) ж.б.лар.Повестте көздешкен татаал сөз түрүндөгү эпитеттер: 24.

в)Сөз айкашы: идиома-фразеология тибиндеги эпитеттер.

Жогорудагыларга карагандa мындай типтеги эпитеттердин образдуулугу,элестүүлүгү,поэтикалуулугу кеңирирээк жана көркөм болгу да жеткиликтүү деп айтууга негиз бар.Алсак,Жу биздин эки үйдүн ынтымагын,ырыс-берекесин сактаган апам...(Г.Х.450-б.). Ырыс-берекесин сактаган эпитети Сейиттин апасына болгон баасын билдирүү менен бирге,андагы мыкты сапаттарды чагылдыруу менен бирге,ырааазычылык оттенокту камтып турат.

Алардын эки үйүн тең билген байбичеси...(Г.Х.450-б.).Мындагы "эки үйүн тең билген" эпитети да Сейиттин апасынын кармасилин,андагы байбичелик мыкты сапаттарды билдирип турат. Башкасы мындай коюп,апам бирөөнүн көзүн карай турган киши эмес(Г.Х.453-б.)."Бирөөнүн көзүн карай турган"эпитети Сейиттин апасындагы дагы бир өзгөчөлүктү даана чагылдыра алды. Анан өзү да бирөөгө жемин жегизбеген ежер...(Г.Х.453-б.). Мындагы "бирөөгө жемин жегизбеген" эпитети Жамийланын өзүнө тындыгын,тайманбастыгын,ачыктыгын,эч нерседен кайра тартпас сапатын элестүү сүрөттөп турат.

Шагы сынган Жамийла күлүмүн болуп эле...(Г.Х.470-б.).Бул контексттеги Жамийланын эпитети-"шагы сынган".Ал Жамийланын оңол учурдагы абалын элестетет.

Боору эзилип күлгөн Жамийла балыктай колго токтобой...(Г.Х. 483-б.).Кеңүжү толкуп,обонго жаңы балкыган Жамийла...(Г.Х.485б) Мындагы эпитеттер Жамийланын абалын,ички дүйнөсүн,жейыр мүнөзүн даана көзгө элестете алышат.

Көз алдымда солдат кейнегүнүн жакасы көрө жакжайган Данияр

(Г.Х.492-б.). Мындагы "жекесы кере жаннайган" эпитети Данияр-дын портретиндеги элеостуу кереги каражат.

Уйу-жайы жок мусапыр кимге керек эле(Г.Х.496-б.).Уйу-жайы жок эпитети мусапыр(Даниярдын)сөзүнө ачыктык-тактыкты берип, же үйү,же баш калкалар жайы,же кийим-кечеси жоктугун деэне-деп деп турат.

...уйкулуу көздөрү кызыл эт болуп кантталеган кемпачы темөндө – колун көсеп сөгүнөт(Г.Х.466-б.).Мындагы "кызыл эт болуп кантталаган көздүү кемпачынын" уйку бетин көрбөгөн көрүнүшүн өтө образдуу чагылдырган эпитет – "көздөрү кызыл эт болгон".

Бул сыяктуу эпитеттер:"терөп-туюп жүргөн аял",тендейы жок ырчы,күн кыттанган дене,кабырга тууган" жана башкалар болуп санала да ар биринин өзүнче боегу контекстте маанилүү деп эсептелинет. Ошентип жогорудагыдай ар түрдүү каармандардын ички-сырткы абалдарын,мүнөздүк касиеттерин,жебете-кешпирлерин ж.б. сүрөттөөдө эң маанилүү көркөм каражат экендиги айкындалды. Алардын бул повесттеги катыштык пайызын эсептеп көрөөк мындай-ча:
- бир сөздөн турган эпитет –баа сөздөр: 44,35 %.
- татаал сөз тибиндеги эпитет-баа сөздөр:36,29 %
- идиома-фразеология тибиндеги эпитет сөздөр: 19,35 %

экендиги көрүнөт.

## 2."Бетме-бет" повестиндеги эпитет-баа сөздөр.

### а)Бир сөздөн турган эпитет-баа сөздөр.

Бул повестте да жазуучу бир сөздөн турган эпитеттерди каарман-дардын портреттик сүреттөмөлөрүндө,жаратылыш көрүнүштөрүн, кубулуштарды чагылдырууда ж.б. учурларга карай пайдаланууда алардын образдуулук боектору туура кабылгандыктан,каармандар-ички психикалык абалдарына чейин даана элестетилген.Мисалы,

Бала да!Баланын мелтур кез карашына ким чыдасын (Г.Б-б.437-б.). Мындагы "мелтур" эпитети мариечелик тунук кез карашка даана элес берип турат.

...чолок колу мултуң-мултуң этип,жең ичинен жулунуп ...(Г.Б-б.434-б.).Чолок эпитети Мырзакулдун денесине согуштун салган тагын таамай элестеткен каражат болду.

...дирилдеген эрдин керсетпей,ал оозун жоолугу менен тумчулай салды(Г.Б-б.426-б.)."Дирилдеген" эпитети Сейденин ички дүйнесүндөгү оор,чочулаган,уйгу-туйгу абалды элестүү сүреттөөдө пайдаланылган.

...эмнегедир ачуулангандай коржогой мойну кызаре түнтү (Г.Б-б.423-б.). Коржогой мойну - мындагы "коржогой" эпитети Мырзакулдун портреттик штрихтеринин бири болуп,кез алдыга даана тартылатты.

Мындайларга:бейнаалат кемпир"(435-б.),тырманган так,(429-б.),өлген кишимин(446-б.),жордуу балам(432-б.) ж.б.лар ды кошо алабыз.Булар да каармандардын мүнездүк өзгөчөлүк-ички дүйнесүн ж.б. берүүдө алгылыктуу каражат катары кызмат кылган.

Автор "чыкыраган чилде"(431-б.),камыккан жылуу дем(437-б.),ыргылжың туман(442-б.),айсыз караңгы түн(411-б.),айлуу түн (411-б.) ж.б.ларды эпитет катары жаратылыш көрүнүштөрүнүн белгилерин таамай чагылдыруу менен каармандардын ички дүйнесүн,психологиясын ачып берүүдө пайдаланылган.Жазуучу жылуу" эпитетин "сөз" менен айкалыштыруу колдонуп, бир жагынан Сейденин Исмайылга берген баасын билдирет.Мисалы,...эчтекеге жылуу сөзү,жакшы тилеги жок(Г.Б-б.436-б.).Жылуу эпитети менен Сейдедеги чочулоо сезилип турат.

Экинчиден,ушул эле эпитет аркылуу Сейденин ички дүйнөсүн,

киетик чагылдырган.Мисалы,...Мырзакулдун артынан жүгүрүп барчысы келип,...аны жылуу сөзү менен эркелеткисн келди(Г.Б-б. 428-б.).Сейденин ички дүйнөсүн түмөн түйшүккө салып салмактанткан ойлорду берүү үчүн автор контекстте эпитеттер топтомун да пайдаланган.Мисалы,Ошол өкүнүчтүү армен,орундалбаган тилек,таркабаган чер ошондон бери жүрөктүн башына кан уюп, салмактантат(Г.Б-б.409-б.).Мындагы эпитеттер:"өкүнүчтүү,орунорундалбаган,таркабаган" контекстте образдуулукка ээ боло алды. Автордун мындай эпитеттерин санап көрсөк баары -53.

## б)Татаал сөз түрүндөгү эпитеттер.

Бул повесттеги мындай түрдөгү эпитеттер да жазуучунун берейин деген ойн коштоп,стилдик көркөм оттенокторун менен көркөм образдарды ачып берүүдө,окуяларды элестүү берүүдө төмөндөгүчө маанилерде пайдаланылып,боекторго ээ болгон.Алсак, каармандардын сырткы көрүнүшү,андагы мүнөздүү белгилери,портреттик сүреттөмдөрдү чагылдырууда элестүүлүгү ачык байкалат. Мисалы, Чала уккан кулагын сыртка тосуп,...кызыл жээк,еңү өчкөн көздөрү менен кемпир уулун аңганоып...(Г.Б-б.411-б.). Мындагы "чала уккан","кызыл жээк,өңү өчкөн" эпитеттери кемпирдин сырткы көрүнүшү да,портреттик штрихтери жана карылыгынын да,ар тараптан кыйналганынын да элестүү белгилери дей алабыз.Уулунун качып келгенин ачык билген соң,ал да сак, анда да тынчтык жок,ичинен бушайман,уулун да аяйт,келинин да кыйналганын көрүп ичинен сызат,уйку жок...

Аскерге кете электе эжесинде Мырзакул тебетейин кырдантa кийген,кара мурут,күлүңдөгөн сулууча жигит эле(Г.Б-б.). Аның балбылдаган,кезик тиктеген көздөрү Сейдени эркелете карап...(Г.Б-б.427-б.)....тебетейинин четинен кашын куушура тик-

тегек көзү жаны ыйикелип тургандай...(Г.Б-б.433-б.).Айылдын чечени,шаңкылдаган ырчысы болчу(Г.Б-б.421-б.).Жогорудагы эпитеттерде:"тебетейин кырданта кийген,кара мурут,күлүңдөгөн сулууча" Мырзакулдун согушке чейинки көрүнүшүн көз алдыга даана тартып берсе,"чечен,шаңкылдаган" эпитеттери анын сезимер,шаңкылдаган ырчы жигит экенин ырастап турат. Ал эми,"балбылдаган,назик чиктеген" эпитеттери аркылуу анын ички дүйнөсүндөгү Сейдеге болгон тунгуюк жылуу сезими чагылдырылган.Согуштан кийин келгендеги көз караш таптакыр өзгөргөндүгүн ,кайгылар,оорчулуктардын айынан кыйналып тургандыгын "кашын куушура чиктеген" эпитети элестүү түрдө байкалып турат.

...бешикти кучактап отурган чачы ак боз ала аял терезени карала карап...(Г.Б-б.444-б.).Туманда элтеңдеген аял өзүнүн эң жакын,эң моок көргөн кишисине шашып кетип бара жатты(Г.Б-б. 416-б.). Бул контексттердеги "элтеңдеген" эпитети Сейденин эки жагын карап,кокусо бирөө көрүп калбаса экен,Исмайылга (эң жакын,эң моок кишисон)кетип бара жатканын сезип калбаса экен ой менен кетип бара жаткан абалын абдан элестүү чагылдырылган каражат болду. Ал эми,"чачы ак боз ала" эпитети Исмайылдын үй уурдап,түнү эт көтөрүп келип бергенден кийинки көрүнүшүн өтө таамай сүрөттөгөн портреттик штрих болуп калды.

Бетинен киргилт тер куюлган,капкара түнөргөн Исмайыл Сейдеге жакындап...(Г.Б-б.).Мындагы Исмайылдын көрүнүшү"таамай элестеткен эпитеттер "бетинен киргилт тер куюлган,капкара түнөргөн".

Бууруул сакал уркуйган кызыл беттүү жылкычы Барпы эл ичинен бери баш ыра берип...(Г.Б-б.415-б.). Мындагы эпитеттер"бууруул сакал уркуйган кызыл беттүү" Барпынын түс-келбетин даана

элестеткен каражаттар. Ал эми,"кемпир мыйлаак кар"(413-б.), ак боз киргилт туман"(418-б.),муз камаган ерык(418-б.),иткыйган кочкул будуттар(418-б.),капкара түнт будуттар (439-б), ж.б.лар жаратылыш көрүнүштөрүн көзгө даана элестетип берсе да,аларды каармандардын ал-абалдары менен,ички уйгу-туйгулары,психикалык абалдары менен байланыштырып,айкалыштырып бере алган.Уңулуоу менен көркөмдүүлүгү ого бетер артып турат. Өзгөчө жаратылыш көрүнүштөрүн төмөнкүчө эпитеттер менен берүү өзгөчө чеберчиликти сездирет: мисалы,"Туман чалган адырдуу, бөксөлүү коктуларда тунгуюк тынчтык,"как"деген карга,"кук" деген кузгун жок(Г.Б.б.416-б.). Повестте колдонулган жогоруда талданган эпитеттин түрүнө киргендердин саны -34.

в)Сөз айкашы,идиома-фразеология тибиндеги эпитеттер.

Мындай типтеги эпитеттердин көркөмдүк касиеттерин каармандардын образдарын ачып берүү үчүн,психикалык абалдарына баа берүүдө,алардын көңүл күүлөрүнө туура келген жаратылыштык көрүнүштөрдү сүрөттөө учурунда ж.б.ларда колдонгон.Алсак,"эсин жыйган Сейде"(Г.Б-б.410-б.),жапан тиктеген көзү"(Г.Б-б.426-б), "бетинен түгү түшө элек балдар"(Г.Б-б.413-б.),тебетейин көзүнө баса кийишкен эркектер(Г.Б-б.407-б.),"түшүмө кирбеген ата-бабам көрбөгөн кайдагы жердин түбүндөгү фронт"(Г.Б-б. 416-б.),"как " деген карга,"кук" деген кузгун жок(Г.Б-б.416-б), "ырысы жок" (Г.Б-б.417-б.) ж.б.лар. Мындай типтегилердин жалпы саны - 18. ."Бетме-бет" повести боюнча алганда колдонулган эпитеттердин бардык саны -105.Алардын ичинен:

бир сөздөн турган эпитет-баа сөздөр: 50,48 %

Татаал сөз түрүндөгү эпитет-баа сөздөр: 32,38 %

Идиома-фразеология тибиндеги эпитеттер : 17,14 %

экендиги тастыкталды жана чыгармалар боюнча өз ара салыштыруу га болорун айтмакчыбыз.

## 3."Биринчи мугалим" повестиндеги эпитет-баа сөздөр.

### а)Бир сөздөн турган эпитет -баа сөздөр.

Жазуучу бул чыгармасында да мындай эпитеттерди арбын пайдалангандыгы байкалат.Алар каармандарга таандык жана мүнөздүү белгилерди,жаратылыштагы кубулуштарды,тигил же бул персонажлардагы өзгөчөлүктөрдү ж.б. сүреттеп берүү учурларында кеңири колдонулган.Алсак,каармандардагы мүнөздүү тигил же бул белгилерди көрсөткөндөр:

...Молдолук кайын сурагын долдураган кишиː-Мейли эми,кыздар ишиң болбосо,окусан,окутарсың,-деп койду(Г.Б-м.517-б.). Мындагы "долдураган" эпитети сүйлөө учурундагы өзгөчөлүгүн таамай сүреттөй алган.

Жеңем урушчаак,начар аял эле(Г.Б-м.520-б.):"Бул акмак катындын урган -сокконуна ыйлабас элем...(Г.Б-м.521-б.)."...бир убакта чийдин арасынан жеңем болуп ыржайган кара катын чыга келди...(Г.Б-м.521-б.).Чаңыргын кара катын артымдан жете келип...(Г.Б-м.521-б.). Булардагы эпитеттер: "урушчаак,начар", акмак" жеңесине Алтынайдын берген баасы болуп саналып,ага жек көрүүсү кошо чагылдырылган.Ал эми,"чаңырган,ыржайган" эпитеттеринде жеңесинин түрү сууктугу,ага болгон мамилесинин адам чыдагыстыгы,кордогондугу жөнүндөгү оттеноктор берилип, элестүү сүреттөлгөн.

Аны-муну божураган Сайкал күн кечкиртип...(Г.Б-м.530-б.) Божураган эпитети Сайкал кемпирдин мүнөздүк белгисин көрсөтүп турат....Дүйшөн айткандай,баягы эле сексейген саргыл кыз эмесминби?(Г.Б-м.534-б.).Сексейген саргыл эпитети Алтынайдын жаш кезиндеги портреттик штрихтерин чагылдырганы менен, Дүйшөндүн Алтынайдын жүрөгүн жылыткан мамилеси кошо айтылган.

Терде кызара бертуп отурган булкуйган коон киши,кезандай тулку тебетейинин астынан мени колт карап...(Г.Б-м.535-б). Бул контекстеги "кызара бертуп отурган булкуйган коон" эпитети Алтынайды ала качуучу айбандын кебете-кешпирин көлиштире сүреттеген эпитет болуп саналат.Ал эми,анын баш кийимине "кезандай тулку" эпитети ылайыктуу тандалган.

Адам эси чыккандай канжалаган Дүйшөн,соо колуна таш чеңгелдеп...(Г.Б-м.539-б.).Мындагы "канжалаган" эпитети Алтынайдын тагдырына балта чаптырбоо үчүн күрөшкөн,таанк деген Дүйшөндүн ошол учурун таамай сүреттеген эпитет болуп турат.

Автор Дүйшөн менен Алтынай тиккен теректерге тиешелүү төмөнкүдөй эпитеттерди пайдаланган:кош терек"(508-б.),эки зор терек(508-б.),кеңишкен зор теректер"(537-б.),шыңырдаган эки терек"(546-б),чайпалышкан кош теректер"(550-б.) ж.б.Бул эпитеттерден Дүйшөндүн көздөгөн максаттары менен Алтынай жеткен бийиктиктер жана өксүктөр сезилип,урмат-сый байкалат.

б)Татаал сөз түрүндөгү эпитет-баа сөздөр.

"Биринчи мугалим" повестинде да сүреткер мындай типтеги эпитеттерди каармандардын портреттик штрихтерине,алардын мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн берүүгө жана "өзгөчө белгилер тааныдык " болгон кош теректердисүреттөгө пайдаланган.Тигил же бул көрүнүштү,заттарды,нерселерди ж.б. көркөмдөөдө колдонгон. Мисал:Дүйшөнгө байланыштуулар: Бою каркайган,бүркүт кабак,салабаттуу адам...(Г.Б-м.510-б.).Мындагы эпитеттер"бою каркайган,бүркүт кабак,салабаттуу" Дүйшөндүн портретин көз алдыга элестүү тартып берет.

Ал эми жанагы сакалы буурул-ала керапайым киши,каман атын үчүлеген кебетеси менен...(Г.Б-м.510-б.).Мындагы "сакалы буурул-ала керапайым","каман атын үчүлеген " эпитеттери

НАЦИОНАЛЬНАЯ
БИБЛИОТЕКА
2001

681

Дүйшөндүн карыган курагын дагы элестүү сүрөттөп турат.

Ой, алдагы жолдо отун көтөргөн Дүйшөн-мугалим эмеспи? (Г.Б-м.518-б.). Бул контексттеги "отун көтөргөн" эпитети бир жагынан оцол мезгилдин оорчулугуна моюн бербеген Дүйшөндүн эмгекчилдигин элестетсе, экинчи жагынан аны мыскылдоо, кордоо оттеногу айтылып жатат.

Алтынайдын көзү менен берилген образ (Дүйшөнгө) мындайча эпитеттер менен берилген: "...кубакей жүзүндөгү сүйрүрөөк келген кара көздөрү кандай сулуу, кандай таза пейилдүү"(Г.Б-м. 537-б.). Мындагы эпитеттерде байкалгандай Алтынайдын жаштык көрүүсү, сүктөнүүсү чагылдырылып жатат. Бул сыяктуу эпитеттер төмөнкүчө да колдонулган: "туурук бет тентек бала"(Г.Б-м.550-б) "корк-курк этип жеңктаган поезд"(545-б.), "оттору белбылдаган поезд"(545-б.), "ошол эки теректер"(547-б.), "бел байлаган жол"(543-б.), кызыл жоолук, кызыл жүздүү чак"(514-б.) ж.б.лер көркөм боектуу түрдө келип, эпитеттер элестүүлүктү пайда кылган.

в)Идиома-фразеология тибиндеги эпитет-баа сөздөр.

Мындай типтеги көркөм сөз каражаттары да "Биринчи мугалим" повестиндеги каармандардын сырт келбетине, мүнөзүнө, кыймыл-аракетине илайык келген мүнөздүү белгилерди чагылдырууда, кош терекке " жан киргизүүдө" колдонулгандыгын көрүүгө болот.

Алсак, Дүйшөнгө тиешелүүлөр: Өңү кумсарып, бүркүт канат каш тары куушурула түшүп...(Г.Б-м.522-б.). Мындагы "бүркүт канат" эпитети Дүйшөндүн көрүнүшүн элестүү чагылдырып турат.

Шатектен чыгып келген эзүндөй келжайган каардени минип... (Г.Б-м.510-б.). Мындагы эпитеттер: "шатектен чыгып келген эзүндөй келжайган" Дүйшөндүн да, анын атынын да карылыгын образдуу сүрөттөгөн каражат болуп кызмат кылган.

Бети башы тацылган, жардар сол колун мойнуна асынган

Дүйшөн...(Г.Б-м.545-б.). Мындагы эпитеттер Дүйшөндүн өлөрчө таяк жегенден кийинки көрүнүшүн,абалын даана сүрөттөлүшүн камсыз кыла алган.

Алтынайга мүнөздүүлөр не ага берилген баалар:...өмүрү көзү ачылбаган шордуу токол...(Г.Б-м.541-б.).Мындагы эпитет анын кордолушун аластуу бере алган: "Мен көргөндө Алтынай Сулайманова.чачына ак кирип,тоолоч тартып,эл/үлөргө таяп калган киши экен(Г.Б-м.511-б.).Мындагы эпитеттер Алтынайдын кийинки курагына туура келген белгилерди тааман сүрөттөп турат.

Алтынайдын жеңесине мүнөздүүлөр: "...жемогуздай жулмуңдеген жеңем баспакты(Г.Б-м.538-б.).Желмогуздай жулмуңдеген эпитети жеңесинин эки жүздүүлүк мүнөзүн таамай ачып берген. Жек көрүү оттеногу да кошо камтылып турат.

Башынан кыртышы сүйбеген жеңем...(Г.Б-м.534-б.).-О,жеңе болуп аталган жүзү кара шум катын...(Г.Б-м.540-б.).Мындагы эпитеттер де Алтынайдын жеңесинин теро,сапат-касиеттерин таамай сүреттөө менен бирге,жеңесине болгон жек көрүү сезимин кошо алып жүрөт.

Алтынайдын күндөшүнө мүнөздүү белгилер: Ал менин күндөшүм - унчукпас кара катын(Г.Б-м.541-б.).Жоломто боюнда көкчыйган ыгачтай болгон дудук кебетеленген үңүрөйгөн кара катын отуруптур(Г.Б-м.540-б.).Күчүк чагынан кесее менен башка койгуланып жүрүп,көк мээ болгон иттин телмирген көздөрүнө окшоп жатты(Г.Б-м.540-б.). Жогорудагы контексттердеги"унчукпас кара","көкчыйган ыгачтай болгон дудук кебетеленген үңүрөйгөн кара","көк мээ болгон иттин телмирген көздөрүнө окшоп" деген эпитеттер Алтынайдын күндөшүнүн кебете-кешпирин ете образдуусүреттеген,мүнөзүн ачкан каражат боло алган.

Эпитеттик кереэжет кэтерши теменкулер де кывмат кылген: чор элеккен, чор темен тейтектер(509-б.), тебеге чейин кажшаткан муэдак(525-б.), кыйдургу суйлеген Сетмикыл(544-б.), кумуштенген курпен булуттер, желе тарткан туркалар ж.б.лар.

"Биринчи мугалим" повестинде эпитет-баа сөздөрдү эсептегенибизде жалпы саны-75. Алардын ичинен:

| | | |
|---|---|---|
| Бир сөздөн турган эпитет-баа сөздөр: | 30 | 40,00 % |
| Татаал сөз түрүндөгү эпитет-баа сөздөр: | 25 | 33,33 % |
| Идиома - фразеология тибиндеги эпитет баа сөздөр: | 20 | 26,67 % |

экендиги аныкталды.

Жыйынтыктап келип, төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1. Автор эпитет-баа сөздөрдү образдардын сырт-келбетин, портреттик штрихтерин сүрөттөөдө(шыңга бойлуураак, белдүү келин, чымкый кара сүйрүрөөк көз, сылтаңи баскан, узун бойлуу; буурул сакал уркуйган кызыл боттуу пылкычы, бою каркейген бүркүт кабак, селебеттү адам, сексейген саргыл кыз ж.б.), каратылыш көрүнүштөрүн, ага тиешелүү белгилерди ачып берүүдө (үлбүрөгөн ак боз булуттар, ыргылжың туман, уткыйган кочкул булуттар ж.б.), каармандардын мүнөздүк белгилерин чагылдырууда( тыкчыңдаган келин, уялчаак киши, желмогуздай күйүндөгөн женем ж.б.) сөз устаты эпитет-баа сөздөрдүн эмоционалдуу-эстетикалык жагын күчөткөн.

2. Жазуучунун үч чыгармасын өзүнчө талдоого алуу, биринчиден, чыгармалардагы өзгөчөлүктөрдү, ага жараша пайдаланылган эпитет-баа сөздөрдүн ролун байкатса, экинчиден, автордун эпитет-баа сөздөргө жасаган мамилесин сездирет.

3. Сүрөткер эпитет-баа сөздөрдү колдонуу менен тигил же бул образдардын башкы, негизги, мүнөздүү белгилерин ачып берүүгө,

оттенокторун байкоого шарт түзөт.

4.Эпитет жана анын үч түргө бөлүнүшү аркылуу автордук жеке өзгөчөлүктү көрсөтүүнү көздөдүк.Ошондой эле,эпитет-бөө сөздөрдүн ар бир чыгармада колдонулуш өлчөмүнө жараша статистикалык маалыматтар берилди.

4.Эпитет - бөө сөздөр аркылуу каармандардын ички дүйнөсү образдуу да,элестүү да чагылдырылгандыгы айкындалды.

## Жандандыруу,алардын көркөмдүк кызматы.

Көркөм чыгармада колдонулуп келе жаткан көркөм сөз каражаттарынын өзгөчө түрү жана троптун бири -жандандыруу.Ал өзүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча башка көркөм образдуу каражаттардан айырмаланып турат.Жандандыруунун маанилүүлүгүнөн улам элибиз жөө комокторлон тартып,улуу эпосубуз "Манаста" да пайдаланылып келгендиги маалым.Жандандыруу -бул кеңири тараган троптун бир түрү(Л.И.Тимофеев),ал көркөм чыгармаларда эле эмес, илимий стилде да,публицистикалык стилде да кеңири колдонулуп жүрөт."Олицетворения используются при описании явление природы,окружающих человека вещей,которые наделяются способностью чувствовать,мыслить,действовать",-дейт И.Б.Голуб.

Ал эми,КСЭде:"Жандандыруу -жаныбар,жаратылыш көрүнүштөрүн же жансыз нерселерди сүрөттөөдө аларды адам сыяктуу эле ойлотуп,кайгыртып көрсөтүүчү стилдик ыкма же каракат(Мисалы, ...эрсэн Манас өлгөндө,карагай ыйлап,тал ыйлап...),Жандандыруу көркөм адабиятта сүрөттөлүп жаткан окуяны же кубулушту элестүү,даана көрсөтүү үчүн пайдаланылат",-деген мүнөздөмө

---

I.Словарь литературоведческих терминов.-М.1974.с.252.
2.Голуб И.Б. Аталган эмгекте.229-б.
3.КСЭ.2-т.-Фрунзе.1977.427-б.

берилген.Жандандыруу маселесине мындан башка тикелей айтылган маалыметтер кыргыз адабият таануу илиминде жокко эсе. Жандандырууга атайын кайрылган эмгектер болбогону менен эпостук материалдарда - чыгармаларда,прозалык,лирикалык чыгармаларда ж.б.ларда жандандыруу катышып,көркөм троптун бири катары кызмат аткарып эле келе жатат.Жандандыруунун катыштырылышы менен образдар күчөтүлүп,көркөм сүрөттөөнүн эмоционалдык-эстетикалык таасири арткандыгы эле байкалып жүрөт.

Жандандырууну пайдаланган учурда айрым заттар,нерселер,кубулуштар,жаратылыштын өзү адамдарга тиешелүү болгон касиеттерге ээ болуп,сапатын өздөштүрүп,абал жагынан,кыймыл-аракет жагынан окшошуп,адам кейиптенип кетет.Бирок мунун өзү толук "адам болуп көрүнөт" деген иллюзияны бербейт.Болгону эле шарттуу түрдө адам кейиптенишет.Адам кейиптене түшүү чыгарманын организминин талабына жараша болот да,жарым-жартылай же толук түрдү элестетет.Эгерде толук болсо,сүйлөгөнү,ойлогону,кыймыл-аракети,мамилеси ж.б. бүтүндөй эле адам дешке алып барат.Мисалы, "Саманчынын жолу" повестиндеги Жер-Эне буга далилдүү факт демекчибиз...

Ч.Айтматов сүрөткер катары жандандырууну "Жамийла","Бетмебет","Биринчи мугалим" повесттеринде деле башка троптордой эле мамиле кылып пайдаланган.Мындан чыгарма зыян тарткан эмес. Биз аларга сересеп салып карaганыбызда : бирде түн,бирде асмалар,бирде талаа,бирде теректер ж.б.жандандырууга туш болгон.Бирок булар толук эмес жандандырууга туура келет.Анткени алардан адамдарга тиешелүү болгон тигил же бул абал,тигил же бул касиеттерди гана кезиктире алабыз. Эскере кетер нерсе- эмгегибизде жандандыруунун алмустактан берки тарыхын иликтөй деген максатты койбодук, бирок Ч.Айтматов гана колдонгон жан-

дандыруулар,алардын орду,чечен-уран аргаларның боюнда тууралу сөс кылдывыс.Алар жонунда сөс төмендегиче:

А) "Хемийле" повестиндеги кандандыруулар.

"...талыкшып,албырган Кукту Хемийле алаканын кезине калкалап...мунгайым кулумсуреп турду"(Г.Х.456-б.).Мында Кук кандандырылып,аге автор адамдарга таандык касиеттерди берип, кандандыруучу сөстерди-"талыкшып жана албырган" дегендерди пайдаланды.Хемийле учун Кук Жер айланып,алыс-алыс жол басып талыкшыган жана оюнчодук ысыктан албырып тургансыган абалда болуп турат.Булар өз ара сапат алмашып,андан кийин көп ойлор туруп чубалып,кенүлдү ачылат.

...бирде эргиген кен талаа жайкалып,чийлердин арасына чөгүп бара жаткан Кук мелтилдеп...(Г.Х.480-б.).Эргүү - көңүлү көтөрүлүү.Бул абал адамга тиешелүүболуп, ал талаага өткөрүлгөн да,аны кандандырган.Кандандыруучу сөз-"эргиген".

Жол үстүнө үңүлгөн аскалар,кыйгач келеке таштап... (Г.Х.474-б.). Мында аскалар адамга таандык касиетке ээ болуп үңүлүп карап жатат.Кандандыруучу сөз мында "үңүлгөн" болуп эсептелинет.

Томсорогон талааның үстүнөн : "...а-а-а!"-деген жалгыз жаңырык...(Г.Х.500-б.).Бул контекстте талаа кандандырылды да адамдык абалга ээ боло калган,кандандыруучу сөз-"томсорогон".

...сото кучактап гулдөгөн жүгөрү...(Г.Х....-б.).Мында бала кучактаган аялдын абалына жүгөрүнүн абалы туура келип, сото кучактап,кандандырылган,кандандыруучу сөз-кучактап болуп саналат.

Бир контексттин ичинде бир нече кандандыруунун кош колдонгон учурлар да кездешет.Бул да өзүнчө чеберчилик болуп саналат.Алсак,"Дакиярдын обону ушул кезде түнкү өзөндүн

устунен хайыла каалгып,кезу илинип,мемирел баре хаткан кең талааның бешигин алдейлеп терметкендей,алыс кушнак созолонуп,акырындап өчерүкде хаңыдан безелене үн алып,талыкшып уюган херди кайра ойготуп,уйкусун ачат.Өзү дем берип,езу харәткен ырчыны ойгонгон талаа кулак салып,тыңнап хатты(Г.Х.478-б.)." Бул контекстте эки нерсе хандандырылган:биринчизи-обон,экинчизи - хер,талаа. Обонго адамдарга таандык болгон бешик терметүү,ойготуп,уйкусун ачуу шаттары өткерүлген.Ал эми хандандыруучу караметтер"бешигин алдейлеп терметүү,ойготуу,уйкусун ачуу болуп саналат. Хер,талаага адамдарга тиешелүү талыкшуу,кезу илинүү,мемирее,,өзү дем берүү,езу харатуу,ойгонуу,кулак салуу,тыңноо" касиеттери өткерүлүп,ушулардын баарын аткарып хатат.Мындагы көрүнүш хандандыруунун зор маанилүүлүгүн айгинелеп турат.Хезуучу чеберчилигин ушулар аркылуу көрсөтүп,далилдеп турбайбы...

Даниярдын обонунун эстетикалык рахатын хален эле Хамийла менен Сейит сезбей,ага ортоктош болгон талаа да адам сыяктуу кулак салып,тыңшап хатпайбы...Бул хүректүн тереңинен чыккан обон баарына тиешелүү,ырчы да ошол херден күбат алып,ошол херди терең сүйгөндүгүн даңазалап,ошол херге таянып,хакшылыктардын баарын ошол херден издеп келген эмес беле!

Чалкыган август түнү аны тыңшап,обонго арбалгандай терең тынчтыкта уюп,магдырады..."(Г.Х.478-б.).Хогоруда обон,хер,талаа хандандырылса,бул контекстте "август түнү" хандандырылып, адамга тиешелүү"тыңшоо,уюп,магдыроо" касиеттерине ээ болуп, кейиптештирилип келген.Контексттеги хандандыруучулар-тыңшап, уюп,магдырады.Даниярдын обонуна түн да ортоктош болду,Даниярдын образы мындай хандандыруулар менен дагы да харкын элестүү боло түштү.Хандандыруулардын касиети-күчү ушунда болуп хатат.

"...кары тантак аралчадан жылгын менен чычырканактын эре-эресындагы бир түп too четин жалбырттап куйгөн оттой болуп, сүретке эле "сураныл" туруп алды (Г.I.500-б.).Мындагы жандандырууну ишке ашырган каражат"сүретке эле сураныл" болуп саналат.Ал эми,бул аркылуу жандануучу -"бир түп тоо четин".Түз маанидө алганда"адамдын "сүретке тартып койчу?"деген эле суранычын билдирип калат.Мына ушул касиетти тоо четин ишке ашырды.Бул сүреткердин керегечтүгү.Сейиттин сүреткерлик баамына байкалардын ичинен жалгыз ушул "тоо четин"жалбырттап куйгөн оттой болуп туш келди. Тоо четин суранып туруп албаган болсо,мурунку сүретүнүн өзү жакшы көргөн каармандарынын айылды таштап кетип жаткандарына туш болбос эле, кармоте сүйүү сезимин сезбес эле...

Б)Бетме - бет" повестиндеги жандандыруулар.

"Ооба,кыш эми биротоло кылычын кындан сууруп келди"(Г.Б-б.418-б.).Бул жерде жандануучу - кыш,ага адамга тиешелүү кындан кылычты сууруу кыймылы таандык болуп калды.Аны жандандырып турган каражат- "кылычын кындан сууруу",кышка кадимкисинен да күчтүү образ берилди.

Ал Сейде,тополонду каптап...жел атасын мыкырып...(Г.Б-б.437-б.).Жол тарткан эшелон суй кыгылган уйкуда...(Г.Б-б.405-б)
Мындагы жандануучу туш келген - эшелон,ал эми,ага адамдык касиетти ээ кылган жандандыруучу-"суй кыгылган уйкуда".Адам алыстан чарчап келгенде,бутун тарта албай суй кыгылып уйкуга кетери бышык.Эшелонго ошол касиет берилип,кейиптеше түштү.Анын элестүүлүгү,образдуулугу күчөдү.

...терең аң менен аккан суу жердин астынан купуя күңгүрөнүп өз алдынча убара(Г.Б-б.406-б.). Мында сууга адамдык касиет ээ кылынып,өзүнчө күңгүрөндү. Сууну жандандырууга жеткирген каражат-"күңгүрөнүп",анын образын даанылап турат.

Келеке жамынган Кара-Тоокун капчыгайында түн караңгы...
(Г.Б-б.405-б.).Бул контекстте жандануучу -Кара-Тоокун капчыгайы,аны жандануура кириптер кылган -"келеке жамынган".Мында капчыгай адамдын бир нерсени үстүнө жамынуу касиетине ээ болуп келген. Ушундоу менен элестүүлүктү сездире алды.

...ыргылжың туман жылжый түтөйт(Г.Б-б.442-б.).Мында адамдагы ыргылжыңдык касиетке туман ээ болуп турат да,аны жандануура жеткирген "ыргылжың" эпитетелинет.Тумандын тарар-тарамаксак ыргылжың абалы өтө образдуу чыгыны ушул каражаттан.

Станцияда поезддер нары-бери өткөндө гана сулк жаткан түн жарыктан көзү чагылышкандай,чукурана түшөт да,кайра онол замат ондоно жатып,үмкөнөт(Г.Б-б.405-б.).Бул контексттеги түн адам кейиптенип,сулк жатып,көзү чагылышып,чукуранып,ондоно жатуу,чүмкөнүү касиеттерине ээ болуп келген.Түндү жандандыруучулар:"сулк жаткан","көзү чагылышкан",чукурана түшөт,ондоно жатып","чүмкөнөт".

..."ойлор быркырата сындырып",жер казып,түшүнгүсү келет" жандандыруулары камтылган контекст : "Чатышып,түрмөктөлгөн ойлор — терезени быркырата сындырып,жер казып аралап,тиги кандай,бул кандай деп түшүнгүсү келет"(Г.Б-б.444-б.).Мындагы жандантган- ойлор адамдык касиетке ээ болуп кейиптенип кеткен.

В) "Биринчи мугалим" повестиндеги жандандыруулар.

Адыр үстүндө кылкылдаган Күн...жүзүмдөн,мандайымдан эркелетип...(ГБ-м.520-б.).Бул контексттеги жандануучу -Күн,аны адамдык касиетке ээ кылып турган жандандыруучу - эркелетип", бул жандандырууну Алтынайдын кубанычын берүүгө,анын образын ачууга пайдаланган.

...теректер дайыкысындай жалбырактарын деп-деп желпилдетип, бизди күндөн келекелеп тосуп ала турган(Г.Б-м.508-б.).
Мындагы жандандыруучулар "келекелеп тосуп ала турган",терек-

тер -жандануучу болуп сакалат жана алар адамдардын камкор мамилесине ээ болуп турат.

...тышта эчтекедок бейкапар,жылдыздар түндүктөн сагалашып... (Г.Б-м.540-б.).Бул контексттеги жандануучу сөз -жылдыздар, ал эми,аны адамдык касиеттеги абалга ээ кылган жандандыруучу -"сагалашып",жылдыздардын көркүн элестүү,образдуу берүүдө пайдаланылган.

...кейибегиле,теректер,мундөнбөгүлө...(Г.Б-м.547-б.). Мындагы адамдардын кейүү,муңдануу касиетине ээ болгон жандануучулар -теректер,аларды жандандыруучулар-кейибегиле,муңданбагыла.Мында Алтынай жаш кезин,жаштык курагын теректер аркылуу элестейт,эркисте сүйүүсүн да ошол теректер аркылуу түшүндүрөт...Жогорудагы жандандырууларды колдонуу менен Алтынайдын ичиндеги бугуп жаткан сырларын чечмелөөгө жетишкен, ушунун өзү -зор чеберчилик.

Ошентип,Ч.Айтматов чебер сүрөткер катары аталган повесттеринде жандандыруулардан пайдалануу менен каармандардын ички дүйнөсүн,өз ара мамилелерин,терең сырларын,түйүндүү ойлорду чагылдырууда эң ыңгайлуу көркөм каражаттын мүмкүнчүлүктөрүн ача алган.

Жыйынтыктап келип,көркөм сөз каражаттарынын бири катары жандандыруунун ролун белгилөө менен бирге төмөнкүдөй тыянактарга келүүгө болот:

1.Троптун өзгөчө түрү катары жандандыруу -жансыз заттарды,кубулуштарды,көрүнүштөрдү ж.б.адам кейпине келтирип,кейиптештирип,адамдык тигил же бул сапаттарга ээ кылат.

2.Жандандырууну Ч.Айтматов өз чыгармаларында таамай табылган оттенокторду менен пайдаланып,каармандарынын образдарын ачып,өзгөчө,ички дүйнөсүндөгү абалды сездирүүгө кол

Ошентип, Ч.Айтматов биз жогоруда сөз кылып өткөндөй,повесттериндеги ар бир каармандарга тиешелүү,мүнөздүү белгилерди байката берүү үчүн эпитеттерди кынаптап пайдаланыптыр. Анын өзү жазуучунун каармандарын адамга таанымал кылып көрсөтүп жатат,бул жерде образдуу көркөм сөз каражаты катары эпитеттин зор ролу барлыгы ачык эле байкалып турат.Жазуучулук чеберчиликтин бирден-бир жагы эпитеттик белгилерди таамай таап,туура пайдалана билгендигинде,жараштыра,төп келтире тапкандыгында эмеспи...

## М А З М У Н У


I.Көркөм образдардын жан дүйнөсү - көркөм сөз каражаттарында I

2.Эпитет же баа сөздөр,алардын көркөмдүк кызматы I -7

а/"Жамийла" повестиндеги эпитет сөздөр 7 -II

б/"Бетме-бет" повестиндеги эпитет-баа сөздөр II - I6

в/ "Биринчи мугалим" повестиндеги эпитет-баа сөздөр I6 - 2I

3.Жандандыруу,алардын көркөмдүк кызматы 2I - 23

а/ "Жамийла" повестиндеги жандандыруулар 23 - 25

б/"Бетме-бет" повестиндеги жандандыруулар .25-- 26

в/"Биринчи мугалим" повестиндеги жандандыруулар 26 --28

4. Корутунду 28

# Ч.Айтматовдун чыгармаларынын стилдик өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн көркөм сөз каражаттары

*кыргыз тилинде*

1,87 басма табак. Көлөмү 60х84$^{1}/_{16}$.
Нускасы 500 даана.

Ош шаары, Ленин көчөсү 314
"Жети–Түс" фирмасы